КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ
ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Диссертациялык кеңеш К.08.12.024

**Кол жазма укугунда**
**УДК: 346.543.1**

**САДЫРАЛИЕВ ЖАНДАРАЛЫ**

# РЕГИОНДУН ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ПОТЕНЦИАЛЫН БААЛООНУ ӨРКҮНДӨТҮҮ ЖАНА АНЫ ПАЙДАЛАНУУНУ ЖАКШЫРТУУНУН ЖОЛДОРУ

(Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусунун мисалында)

**Адистиги 08.00.05 "Экономика жана эл чарбасын башкаруу";**
**(экономика жана ишканаларда, тармактарды, комплекстерди уюштуруу жана башкаруу)**

Экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

Ош – 2013

**Диссертациялык иш Жалал-Абад мамлекеттик университетинин “Финансы жана кредит” кафедрасында аткарылган.**

| | |
|---|---|
| Илимий жетекчи: | экономика илимдеринин доктору, профессор **Зулпукаров Аманкул** |
| Расмий оппоненттер: | экономика илимдеринин доктору **Тургунбаев Жусуп Тургунбаевич,** |
| | экономика илимдеринин кандидаты, доцент **Шакиев Шайдилла Орунбекович** |
| Жетектөөчү мекеме: | М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин “Экономика, менеджмент жана маркетинг” кафедрасы. 720033, Бишкек ш., Тоголок Молдо көч.58 |

Диссертациялык коргоо Ош мамлекеттик университетинин алдындагы К.08.12.024 диссертациялык кеңешинде экономика илимдеринин кандидаттык илимий даражасын изденип алуу үчүн коргоо боюнча диссертациялык отурумунда 2013-жылдын 30-ноябрында саат 10-00 болот. Дареги: 714000, Ош шаары, А. Масалиев проспектиси, 80.

Диссертациянын кол жазмасы менен Ош мамлекетти университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот. Дареги 71400, Ош шаары, Ленин көчөсү 331.

Автореферат **2013 жылдын 25-октябрында** таркатылды.

К.08.12.024 диссертациялык кеңештин
илимий катчысы
**э.и.к., доцент:** Кулуева Ч.Р.

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилденген теманын актуалдуулугу.** 1991-жылы СССРдин тарашы менен Кыргызстан социалдык-саясий түзүлүшү, экономикалык жана геосаясаттык абалы боюнча да түп тамырынан өзгөрүүгө туш болгон, көз каранды эмес мамлекетке айланды.

Республиканын көз карандысыздыкка жетиши – өлкөнүн рыноктук мамилелерге өтүшү жана экономиканы либералдаштыруу менен кошо жүрдү. Өндүрүштүк мамилелерде гана түп тамырынан бери өзгөрүүлөр болбостон, өндүрүштүн (чарба жүргүзүүнүн) ыкмаларында, потенциалды пайдалануунун методдорунда жана жолдорунда да түп тамырынан бери өзгөрүүлөргө туш болду.

Потенциалдардын ичинен өзгөчө орунду инвестициялык потенциалга ыйгарууга болот, анткени ал инвестициялык климат, инвестициялык жагымдуулук, инвестициялык керектөөнүн сунушу жана башка кубулуштар аркылуу мүнөздөлөт жана алар менен толукталат. Туура, инвестициялык потенциалды пайдалануу татаал процесс, себеби инвестицияны тартуу менен гана чектелүүгө болбойт, андан сырткары да инвестицияны пайдалануунун стратегиялык максаттарын жана милдеттерин белгилөө керек, инвестицияны пайдалануунун натыйжалуулугун инвестор үчүн да, пайдалануучу үчүн да камсыз кылуу зарыл. Ал үчүн инвестициялык процессти белгилүү бир мейкиндик менен убакыттын чегинде, инвестициялык иш аракеттердин ишке ашуу деңгээлине жараша боло турган процесс катары кароо керек. Эреже катары, инвестициялык иш аракеттердин ишке ашуу деңгээлин бүтүндөй өлкөнүн, региондордун, тармактардын, ишканалардын жана башка деңгээлинде жүрөрүн бөлүп карооого болот. Бул деңгээлдердин ар кими өзүнө жараша мүнөздөмөгө, мүнөзгө ээ. Мисалга, регионалдык деңгээл дегенде тиешелүү инвестицияны тартуу үчүн, ошол аймактын же региондун инвестицияга болгон керектөөсүн, суроо талаптарын, ошол аймактык инвестициялык проекттерди ишке ашырууга керек болгон инвестициянын деңгээлин түшүнүүгө болот. Бул жерде инвестицияга болгон керектөө же суроо талап ушул конкреттүү аймактагы, конкреттүү экономикалык иш аракеттердин түрлөрүнө тартыла турган инвестициянын көлөмү менен мүнөздөлөт. Ушундай жол менен тармакка, ишканага жана башкаларга, бүтүндөй өлкөгө, тартыла турган инвестицияны же инвестициялык иш аракеттердин деңгээлин да аныктап алса болот.

Ошол эле мезгилде, региондун өнүгүшү үчүн анын жаратылыш-климаттык, социалдык-экономикалык, өндүрүштүк жана башка шарттарынын мүнөздүү болгон белгилерин эсепке алып инвестиция салуу да өзгөчө кызыгууну туудурат.

Башкаларды эске албаганда да аймактар ушул мезгилге чейин бүтүндөй экономикалык, анын ичинде инвестициялык иш аракеттер боюнча өз алдынча чечим кабыл алмак турсун, өз алдынча жөнөкөй чечимдерди кабыл алышка чектелип калышкан. Муну рыноктук механизмди экономикалык иш аракеттердин бардык сфераларына жеткиликтүү киргизе албагандыктын натыйжасы катары карооого болот.

Бөлүп айтканда ушул мезгилге дейре административдик-аймактык бирдиктерге тиешелүү болгон аймактык киреше, аймактык өзүн өзү каржылоо, аймактык өзүн өзү камсыздоо жана башка түшүнүктөр аймактар үчүн колдонулбайт. Бул бир жагынан рыноктук механизмдин жоктугу экинчи жагынан Кыргыз Республикасынын көп аймактары мурункудай эле республикалык бюджетте дотацияда турушат дегенди билдирет. Жогоруда айтылгандар аймактарда инвестициялык жагымдуулукту түзүү гана эмес, жер жерлердеги өзүн өзү башкаруу органдарынын бул багыттагы иш аракеттерине кедерги болгонсуйт.

Белгилеп кетчү нерсе, инвестициялык потенциал сапаттык жана сандык көрсөткүчтөр менен мүнөздөлөт. Сандык көрсөткүчтөр болуп инвестициялык суроо талаптын көлөмү, түрдүү деңгээлдеги башкарууга жараша негизги фондго капиталдык салымдардын суммасы ж.б. эсептелсе, сапаттык көрсөткүчтөргө инвестиция тармагында кабыл алынган мыйзамдык актылар, укуктук-нормативдик жоболор, тигил же бул башкаруу тепкичтеринин инвестиция тартууга кылган мамилеси же имиджи, алардын инвестициялык процессти жүргүзүүгө даяр экендигин жана жөндөмдүүлүгүн кошууга болот.

Тилекке каршы, Кыргызстанда өзгөчө анын региондорунда жүргүзүлүп жаткан инвестициялык иш аракеттер ага карата өсүп бараткан талапка жооп бере албай жатат. Тактап айтканда, региондордун инвестицияга болгон суроо талаптарынын көлөмү такталбай, эске алынбай, алардын инвестициялык потенциалы жеткиликтүү бааланбай, жалпы өлкөбүздүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө алардын ролу, орду аныкталбай натыйжада, инвестицияны тартуу жана пайдаланууда региондордун өзгөчөлүктөрү эске алынбай калууда. Ушул жогоруда келтирилген проблемаларды чечүү, жооп табуу максатында региондордун жана жалпы эле республиканын инвестициялык потенциалын пайдалануунун илимий методикалык концепциясын изилдөөнүн зарылчылыгы чыгып олтурат.

**Диссертациялык иштин илимий изилдөөлөрдүн планы менен байланышы.** Диссертация инвестициялык потенциалды пайдалануунун Концепциясынын, өлкөнүн 2025-жылга чейинки өнүгүү стратегиясынын алкагында иштелип чыккан жана изилдөө жүргүзүлүп жаткан Жалал-Абад мамлекеттик университетинин илимий-изилдөө иштеринин планына шайкеш келет.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты** болуп Жалал Абад облусунун социалдык-экономикалык, жаратылыш-климаттык, эмгектик жана башка ресурстарын изилдөөнүн негизинде инвестициялык потенциалды пайдалануу, инвестициялык ишмердүүлүктү жакшыртууну өркүндөтүү боюнча усулдук жоболорду жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу эсептелет.

**Изилдөөнүн максатына жетүү үчүн төмөндөгүдөй милдеттер коюлган:**

**-** инвестиция тартуу үчүн рыноктук экономиканын шартында региондун өнүгүү өзгөчөлүгүн изилдөө;

- инвестициялык потенциалдын түрлөрүн жана анын эволюциясынын мүнөзүн ачып көрсөтүү;

- инвестициялык потенциалды баалоонун методикаларын изилдөө;

- региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө, инвестициялык потенциалды пайдалануунун мүмкүнчүлүктөрүн жана анын резервдерин изилдеп, баалоо жүргүзүү;

- инвестициялык факторлорду колдонуу менен региондун жылуулук-энергетикалык секторун өнүктүрүүнүн жолдорун сунуш кылуу;

- инвестициялык ресурстарды тартуу жана аларды рационалдуу пайдалануу менен агроөнөржай өндүрүшүн жана туризмди өнүктүрүүнүн негизги багыттарын сунуштоо;

- өлкөнүн келечектеги инвестициялык саясатынын алкагында региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн жолдорун белгилөө;

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыктары** төмөндөгүлөрдөн турат:

- Инвестициялык ресурстарды тартуу жана аларга болгон керектөөнүн, суроо талаптардын кандайча түзүлгөндүгүн аныктоо максатында региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө комплекстүү изилдөө жүргүзүлгөн;

- жалпы өлкөнүн жана региондун шарттарына туура келген инвестициялык потенциалдын түрлөрү жана анын эволюциясынын мааниси такталып көрсөтүлгөн;

- региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн өсүшүн камсыз кылуу үчүн инвестициялык ресурстарга болгон керектөөнү баалоонун методикалары изилденген;

- рыноктук экономиканын шартында региондордун инвестициялык потенциалын баалоо “интегралдык индекстер” методикасын колдонуу менен жүргүзүлгөн;

- региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө жана өндүрүш секторлорунун резервдерининин азыркы абалына талдоо жүргүзүү менен анын экономикасына инвестиция тартуунун мүмкүнчүлүктөрү аныкталган;

- инвестициялык ресурстарды колдонуу аркылуу региондун жылуулук-энергетикалык секторун өнүктүрүүнүн негизги жолдору сунуш кылынган;

- инвестициялык ресурстарды тартуу жана аларды рационалдуу пайдалануу менен агроөнөржай өндүрүшүн жана туризмди өнүктүрүүнүн жолдору сунуш кылынган;

- өлкөнүн келечектеги инвестициялык саясатынын алкагында региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги жолдору белгиленген;

**Диссертациялык изилдөөнүн практикалык мааниси.** Изилдөөнүн жүрүшүндөгү алынган илимий жоболорду региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн программаларын иштеп чыкканда пайдаланса болот.

Изилдөөнүн негизги натыйжалары өзүн өзү башкаруу органдарынын, региондун өндүрүштүк жана жылуулук-энергетикалык структураларынын практикалык иши менен тыгыз байланышкан.

**Диссертациялык изилдөөнүн экономикалык мааниси.** Изилдөөнүн

жүрүшүндөгү алынган илимий жоболорду региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн божомолдорун түзүүдө жана жүргүзүлүп жаткан иш чаралардын экономикалык жактан натыйжалуулугун аныктоодо колдонсо болот.

**Коргоого коюлуп жаткан диссертациянын негизги аныктамалары:**

1. Изилдөөнүн теориялык-методологиялык бөлүгү:

- теориялык анализдөөнүн жана инвестициялык процесстин маани-маңызын тактоо аркылуу инвестициялык ресурстарга болгон керектөөнүн (суроо-талап) түзүлүш жобосу сунуш кылынат;

- региондун социалдык-экономикалык жактан өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн тартылган инвестицияны баалоонун методикасы негизделген;

2. Изилдөөнүн аналитикалык бөлүгү:

- инвестициялык ресурстарды пайдалануунун азыркы абалына баа берилип, анализ жасалды жана инвестициялык ресурстардын резервдери аныкталды.

- региондун инвестициялык иш аракеттерин баалоонун абалы каралды жана автор тарабынан Жалал-Абад облусунун практикасында бул баалоонун методикасына тактоолор киргизилди.

3. Изилдөөнүн практикалык бөлүгү:

- инвестициялык ресурстарды пайдалануу менен өлкөнүн жылуулук-энергетикалык комплексин өнүктүрүүнүн негизги багыттары иштелип чыгылды;

- өлкөнүн инвестициялык саясатына ылайык инвестицияларды тартуу менен региондун өнүгүүсүнүн негизги жолдору сунуш кылынган;

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Автор тарабынан региондо экономикалык өсүштү камсыз кылууга инвестициялык иш аракеттердин тийгизген таасири тууралуу жоболор практикалык жана теориялык жактан системалаштырылды, жалпыланды, такталды, толукталды. Экономикалык изилдөөлөрдү, анализдерди жүргүзүүдө автор тарабынан тандалган статистикалык көрсөткүчтөр сунуш кылынды жана регион жөнүндө автордун өз ой пикири келтирилген. Инвестициялык потенциалды баалоону пайдалануу менен инвестициялык жактан жагымдуу региондор аныкталды жана алардын экономикалык жактан приоритеттүү тармактары аныкталып аларга инвестиция тартуу менен өнүктүрүүнүн жолдору көрсөтүлдү.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын апробацияланышы жана аларды өндүрүштө колдонуу.** Изилдөөнүн айрым жоболору жана жыйынтыктары Ош мамлекеттик университетинде өткөн 2011 ж. илимий конференцияда жана Жалал-Абад мамлекеттик университетинде 2011-жылдын 2-декабрындагы “Илимий техникалык прогресс: экономиканы өнүктүрүүнүн негизги багыттары” деген республикалык илимий–практикалык конференцияда билдирүү жасалды. Жалал-Абад облусунун “2013–2017-жылдарда туруктуу өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү программасын” түзүүгө облустук, шаардык администрациялар тарабынан диссертациялык иштин айрым бөлүктөрү пайдаланылды.

**Изилдөөнүн жыйынтыгынын жарыяланышы.** Диссертациялык иштин темасы боюнча 7 статья 3 печаттуу баракта жарыяланды.

**Диссертациянын көлөмү жана курамы.** Диссертация киришүүдөн, үч главадан, жыйынтыктоодон, тиркемелерден, пайдаланылган илимий булактардын жана адабияттардын тизмесинен турат. Курамында 28 таблица жана 6 сүрөт, бир тиркеме бар.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Диссертациянын негизги мазмуну.** Киришүүдө изилденген теманын актуалдуулугу, теориялык жана практикалык жактан маанилүүлүгү көрсөтүлгөн, ошондой эле бул темадагы проблемалардын канчалык деңгээлде изилденгени, иштелип чыкканы мүнөздөлгөн. Изилдөөнүн өзөгү (предмети) жана объектиси аныкталган, изилдөөнүн максаты белгиленип аны аткаруунун милдеттери коюлган, изилдөөнү жүргүзүүнүн теоретикалык жана методологиялык негиздери көрсөтүлүп, жүргүзүлгөн изилдөөнүн илимий жаңылыктары белгиленип, практикада колдонуунун кыскача сунуштары келтирилген.

Изилдөөнүн биринчи бабы **"Региондун инвестициялык потенциалын жакшыртуунун теоретикалык-методикалык негиздери"** деп аталат жана бул жерде инвестициялык ресурстарды тартуу менен региондун өнүгүүсүнүн экономикалык маани-маңызына жана мазмунуна мүнөздөмө берилет.

Региондордун социалдык-экономикалык өнүгүүсүндөгү бири биринен болгон айрыма же өзгөчөлүк ошол аймактын жалпы өлкөнүн өнүгүүсүнө кошкон салымына, жаратылыш-климаттык, тарыхый калыптанып калган өндүрүштүк жана социалдык абалына, традициясына, өндүрүштүк жана чарба жүргүзүү, маданияттын деңгээли ж.б.у.с жараша болот жана ролу аныкталат.

Регион деп башкалардан мурунтан келе жаткан табигый жана тарыхый биримдиги, калыптанган экономикалык-географиялык өзгөчөлүгү (климаты, жайгашкан орду) ошого жараша көп учурда калкынын тиричилик кылууда өзгөчөлүгү менен айырмалаган – аймак, өлкөнүн бир бөлүгүн, облусту айтууга болот. Ошол аймактагы калктын окшош турмуш тиричилиги, каада салты бар, ал аймактагы калк социалдык саясий турмушта өз укуктарын, чыныгы өзүн өзү башкаруунун көп түрдүү байланыштары аркылуу кылымдардан бери чечип келет. Регион- Кыргыз Республикасынын субъекттеринин административдик чек аралары менен аныкталып өзүнүн толуктугу, бүтүндүгү, адистештирилгендиги жана башкарууга ыңгайлуулугу б.а. башкаруунун саясий-административдик органынын бардыгы менен мүнөздөлөт.

Өлкө конкуренцияга (атаандашуу) жөндөмдүү болуш үчүн, регион конкуренцияга даяр болуш керек. Региондун социалдык-экономикалык жактан өнүккөндүгү анын өлкөнүн ичинде жана анын сыртында атаандашууга жөндөмдүүлүгү менен өлчөнөт. Өз мезгилинде атаандашууга жөндөмдүүлүк ошол региондогу кампаниялардын, фирмалардын, чарбалардын, үй чарбалардын өндүргөн продукцияларынын жана көрсөткөн кызматынын ички жана тышкы рыноктордо өтүмдүүлүгү жана жумушчу күчүнүн квалификациясынын, инфраструктуранын объекттеринин өнүккөндүгү менен ченелет.

Белгилей кетчү нерсе ар бир регион белгилүү бир деңгээлде инвестициялык потенциалга ээ, алар – чарба жүргүзүүгө боло турган, жаратылыш кен байлыктары, минералдык-сырьёлук, эмгек ресурстары, жылуулук-энергетикалык комплекси, агроөнөржай өндүрүшү жана башка экономикалык сектордун калыптанган курамы, колдонулуп жаткан өндүрүштүк жана социалдык инфраструктуралардын объекттери болуп эсептелинет.

Потенциал деген сөз латындын “potentia” деген сөзүнөн алынып күчтү, кубаттуулукту же болбосо кандайдыр бир тармакта, облуста, аймакта бар каражаттын топтому жана анын мүмкүнчүлүгүн түшүндүрөт. Демек, потенциал дегенге ресурстардын аныкталганы гана эмес, али ачыла элеги, белгилүү бир шарттарда аныктала турганы да кирет.

Потенциалды экономикалык жана инвестициялык деп ажыратууга болот. Инвестициялык потенциал деген ар кандай максатка инвестицияны тартуу дегенди түшүндүрөт. Инвестициялык потенциал инвестициялык климат, инвестициялык жагымдуулук жана инвестициялык иш-аракеттерди активдештирүүнүн мүмкүнчүлүктөрү менен мүнөздөлөт.

Инвестициялык потенциалдын түзүлгөн жерине жана көлөмүнө карап региондук, тармактык, жергиликтүү, өндүрүштүк, социалдык жана башкалар деп айырмалоого болот. Ар бир инвестициялык потенциалдын түрү, өзүнө таандык параметрлери жана касиеттери менен мүнөздөлөт. Ошондуктан инвестициялык потенциал кайсыл жерде жана убакытта болбосун конкреттүү сан менен өлчөнөт.

Ал эми экономикалык потенциал, региондо, же тигил, же бул тармакта чарба жүргүзүүгө керектүү ресурстук мүмкүнчүлүктөрдүн суммасы катары мүнөздөлөт.

Биздин көз караште инвестициялык потенциал бул – экономикалык потенциалга инвестиция тартуу менен жүргүзүлгөн экономикалык иш аракеттердин натыйжалары деп баалоого болот. Экономикалык иш аракеттердин жыйынтыгы базар экономикасында суроо-талап жана сунуш, пайда жана чыгаша, атаандашууга жөндөмдүүлүк ж.б. катыштыктар менен өлчөнсө, рынок механизминин сересинен инвестициялык потенциал да ушундай катыштыктар менен аракеттенет.

Демек, инвестициялык потенциал социалдык-экономикалык потенциалдын (СЭП) үстүнө капиталдык салым кошуунун туундусу катары чыгат, ошол эле мезгилде социалдык-экономикалык потенциал каражат (салым) салууга боло турган, ошонун эсебинен түзүлө, көбөйө турган кубулуш. Өз мезгилинде СЭПтин курамы төмөндөгү элементтерден турат:

- негизги жаратылыш ресурстары менен камсыз болушу, айлана чөйрөнүн абалы;

- калктын саны жана эмгек ресурстары (жашы, жыныстык курамы, эл чарба тармактары боюнча ишке жайгашуунун деңгээли, динамикасы);

- өндүрүштүк потенциал (негизги капиталдын абалы жана анын тармактар боюнча износунун абалы, негизги капиталдын технологиялык, кайра өндүрүү

боюнча курамы, өндүрүштүн адистештирилиши, технологиялык жактан жабдылышынын деңгээли, продукциялардын атаандашууга жөндөмдүүлүгү);

- илимий-техникалык жана кадрдык потенциал (илимий институттардагы, мекемелердеги ресурстук, технологиялык жана кадрдык базалар, илимий жана ойлоп табуучулук иштердин жыйынтыгы, прогрессивдүү, традициялык жана илим менен айкалышкан технологиялар, инновациялык иш аракеттердин жыйынтыгы);

- СЭПтин регионалдык жана геосаясий жактары (социалдык-экономикалык өнүгүүнүн деңгээлин дифференциялаштыруу, жаратылыш аба ырайындагы өзгөчөлүктөр, региондун экономикасынын аймактар аралык эмгекти бөлүштүрүүдөгү орду, экономикалык интеграциялардын багыты);

- социалдык потенциал (коомдун социалдык курамы, айрым бир социалдык катмарлардын жашоо деңгээли, калктын дифференциалынышынын даражасы, калктын кирешесинин жана айлык акысынын структурасы, эмгек акынын кирешедеги салыштырма салмагы, иш менен камсыз болуунун деңгээли, калктын физикалык, психикалык жана ички жан дүйнөсүнүн абалы, коомдук жана жеке коопсуздуктун деңгээли, социалдык инфраструктуранын абалы);

- инфраструктура (транспорт, байланыш, коммуникация, кызмат көрсөтүү, банк системасы, биржалар, фонддор ж.б.). Бир сөз менен айтканда региондун инвестициялык потенциалы – бул ушул аймакта жайгашкан өнөр жай, айыл чарба, транспорт, ж.б тармактардагы ишканаларга, тышкы жана ички каржылоо булактарынын эсебинен тартылган инвестициянын көлөмү катары эсептелет жана ал инвестиция кылынуучу объекттердин бар экендигинен, көптүгүнөн, жаратылыш байлыктарынан, географиялык абалынан, инфраструктурадан жана социалдык-экономикалык өнүгүүнүн жеткен деңгээлинен көз каранды болот.

Социалдык-экономикалык системанын өнүгүшүн аныктоочу бирден бир чечүүчү фактору болуп, **атаандаштыктын (конкуренциянын)** деңгээли жана экономикалык агенттердин атаандаштыкка жөндөмдүүлүк даражасы эсептелинет. Рыноктук экономика гана атаандашуучулукту, байлыкты өндүрүүчү, рынокту тескөөчү потенциалга айландырды.

Рыноктук экономиканын шартында региондун (аймактын) инвестициялык потенциалын баалоо биринчи кезекте аймактын атаандашуучулук алгылыктуулугун (преимущество) чагылдырган регионалдык өнүгүүнүн факторлорун баалоодо турат.

Экономикалык потенциалды баалоо эки бөлүктөн турат. Биринчиси, түздөн түз экономикалык-социалдык потенциалдын өзүн баалоо, экинчи, аны кандай пайдаланып жатканыбыздын деңгээлин баалоо;

Ушуга байланыштуу баалоонун натыйжалуулугун көтөрүү жана баалоо процедурасын оптималдаштыруу үчүн ушул диссертациялык изилдөөдө социалдык-экономикалык потенциалды баалоонун төмөндөгү классификациясы сунуш кылынат:

- жалпыланган баалоо – изилденип жаткан субъекттин негизги

социалдык-экономикалык мүнөздөмөсү боюнча, ал жөнүндө жалпы түшүнүк алуу.

• атаандашууга жөндөмдүүлүктү баалоо – региондун туруктуу өнүгүшүнө системанын шарт түзүү жөндөмдүүлүгүн баалоо.

• өнөр жайынын өнүгүүсүн баалоо – региондун өнөр жай тармагынын ресурстук потенциалын баалоо. Шаар түзүүчү жана ресурс түзүүчү ишканалары бар региондорго мындай баалоо өтө актуалдуу жана керектүү.

• инновациялык өнүгүүнү баалоо – системанын инновациялык билимди, инновациялык продукцияны түзүү, регионалдык масштабдагы инновациялык проекттерди иштеп чыгуу, киргизүү жана сатуу жөндөмдүүлүгү.

• социалдык өнүгүүсүн баалоо – калктын жашоо деңгээлин баалоо, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын калктын жашоо деңгээлин көтөрүүгө кошкон салымын баалоо.

Жогоруда саналган түшүнүктөр инвестициялоо процесси жана ар бир тармакка каражаттарды салуу менен тыгыз байланышта турушат. Ошол эле мезгилде инвестициялык ресурстарды натыйжалуу пайдалануу жалпылоочу жана жеке көрсөткүчтөр менен да аныкталат. Ушуга байланыштуу инвестициялык иш аракеттин натыйжасын жана чыгымын баалоо өтө маанилүү деп эсептелинет. Методикалык аспекттен алганда инвестициялык иш аракеттин арадагы, жана түпкү натыйжадагы жыйынтыгы жана чыгашасы боюнча өзүнчө эсеп алып баруу туура болот. Ортодогу (арадагы) көрсөткүчтөргө каражат салынган ар бир иш аракеттердин жана иштин түрлөрүнүн натыйжалары кирет. Түпкү натыйжа болсо, инвестициялык иш аракеттердин натыйжасы катары өндүрүлгөн продукцияларды базарга алып барып алмашуу операцияларын жүргүзгөндөн кийинки аныктоону айтышат.

Тандалып алынган керектүү көрсөткүчтөр менен жасалган ишенимдүү анализ гана региондун инвестициялык потенциалын баалоого мүмкүнчүлүк берет, ал эми региондун туура бааланган абалы туруктуу өнүгүүнү камсыз кылуу үчүн натыйжалуу башкарууну тандап алууга шарт түзөт.


**Изилдөөнүн экинчи бабы – “Региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүн жана инвестициялык потенциялын анализдөө ”** деп аталат. Бул бапта автор тарабынан региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүн анализдөөнүн методикаларын жакшыртуу жана аны региондун инвестициялык потенциялын баалоого пайдалануу, региондун инвестициялык потенциялын интегралдык индекстерди колдонуунун негизинде баалоо; экономикалык приориттеттердин инвестициялык жагымдуулукка тийгизген таасирин талдоого багытталган.

Бул главада автор тарабынан региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүн анализдөөнүн практикасын жакшыртуу аркылуу, интегралдык индекстерди пайдаланып, инвестициялык потенциалдын параметрлерин обьективдүү аныктоого аракет жасалган. Бул өз кезегинде региондун экономикалык приоритеттерин белгилөөгө мүмкүндүк берет.

Ошону менен бирге инвестициялык потенциалды аныктоого база

катары региондун социалдык-экономикалык потенциалы кызмат кылат деп эсептейбиз. Өз кезегинде убакыттын өтүшү менен негизги фонддор жана каражаттар моралдык жана материалдык эскирүүгө (износторго) кириптер болсо, ага ылайык социалдык-экономикалык потенциал да өзгөрүүгө туш болот. Өндүрүштүк кубаттуулукту калыбына келтирүү жана жаңыртуу үчүн инвестиция катары капиталдык салымдарды жумшоого туура келет. Капиталдык салымдарды тартуу үчүн инвестициялык потенциалдын жеткен деңгээлин баалоо керек, ал өз кезегинде инвестициялык климаттын, инвестициялык жагымдуулуктун, инвестициялык активдүүлүктүн абалын баалоого шарт түзөт. Бул компоненттер биригип инвестиция тартууга жагымдуу шарт түзүшөт. Бул байланышты төмөндөгү схема аркылуу көрсө болот (сүрөт 1).

**Сүрөт 1. Инвестициялык проблематиканын категорияларынын өз ара катышышынын схемасы**




1-инвестиция; 2- инвестициялык ресурстар (СЭП); 3- инвестициялык потенциал; 4-инвестициялык климат; 5-инвестициялык жагымдуулук;

Сүрөттө көрсөтүлгөндөй инвестициялык жагымдуулуктун компоненттери болуп инвестиция, инвестициялык ресурстар, инвестициялык потенциал, инвестициялык климаттарды эсептөөгө болот.

Келтирилген төрт бурчтук схемада инвестициялык потенциалдын төрт бурчтугун ядро катары эсептесе туура болот, анткени ал өзү 8 жекече потенциалдардан куралат, алар: ресурстук-сырьёлук, эмгектик, өндүрүштүк инновациялык, институционалдык, инфраструктуралык, финансылык жана керектөөчүлүк. Ар бир региондун рангасы же даражасы ошол ар бир потенциалдын сандык көлөмүнүн жалпы региондордун потенциалдарынын сандык көлөмдөрүнүн суммасындагы салыштырма салмагы менен аныкталат.

Ошондон улам региондун инвестициялык потенциалын аныктоодо

**интегралдык индекстердин методикасын** колдонуу менен изилдөө, бүгүнкү күндөгү эң жыйынтыктуу изилдөө болуп саналат. Автордун көз карашында “инвестициялык потенциал” деген региондун интегралдык инвестициялык мүнөздөмөсү болуп саналат.

Интегралдык индексти эсептөө, региондун өнүгүү деңгээлин, жалпы өлкөнүн өнүгүү деңгээлин 1 деп баалап ошого салыштыруу аркылуу жүргүзүшөт. Интегралдык индексти эсептөө төмөндөгү формула аркылуу жүргүзүлөт [110]:

$$NIj = \sum_{I=1}^{n} (Ai.j/Ai) \times di\ , \qquad (1)$$

Бул жерде:

Ij – j – региондун интегралдык индекси;

Ai,j – i-көрсөткүчтүн мааниси j-регион үчүн;

Ai – i – көрсөткүчтүн жалпы өлкө үчүн мааниси;

Di -i – көрсөткүчтүн салыштырма салмагы, индексти эсептөө үчүн колдонулат жана анын башка көрсөткүчтөр ичинде канчалык деңгээлде маанилүү экендигин мүнөздөйт. Ушул эле интегралдык индекстерди региондордун социалдык-экономикалык өнүгүү деңгээлин жана инвестициялык потенциалды аныктоого да колдонууга болот.

Автор инвестициялык потенциялдын индекси алардын курамында болгон бир нече жеке өз алдынча индекстердин суммасынын орточосу экендигин иштеп чыккан жана ал төмөндөгүдөй формула менен аныкталат;

$$kIF_j = \sum_{i=j}^{k} (IF_{ij} \times d_i), \qquad (2)$$

Бул жерде;

$IF_{ij}$ – жеке индекстер;

$d_i$ – жеке индекстердин салыштырма салмагы; ( $d_i$ =ар бири 0,125 мааниге ээ).

Төмөндө КР региондорунун жогоруда көрсөтүлгөн формулалардын негизинде, статистикалык көрсөткүчтөрдү колдонуп бааланган инвестициялык потенциалы келтирилген (табл.1)

**Таблица 1 – Кыргыз Республикасынын региондорунун (субъекттеринин) инвестициялык потенциалы, 2011-жыл.**

| № п. | КР нын регион-дору | Көрсөткүчтөр | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Инвестициялык потенциалдын индекстери | | | | | | | | | ранг |
| | | $F_{1j}$ | $F_{2j}$ | $F_{3j}$ | $F_{4j}$ | $F_{5j}$ | $F_{6j}$ | $IF_{7j}$ | $IF_{8j}$ | $IF_{ij}$ | |
| 1 | КР боюнча | 1,00 | 1,00 | 1,00 | 1,00 | 1,00 | 1,00 | 1,00 | 1,000 | 1,00 | |

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2 | Баткен облусу | 0.450 | 0.664 | 0,98 | 0,034 | 0,034 | 0,766 | 0,365 | 0,513 | 0,471 | 8 |
| 3 | Жалал-Абад облусу | 0.588 | 0.772 | 0,974 | 0,115 | 0,115 | 0,812 | 0,462 | 0,666 | 0,563 | 4 |
| 4 | Нарын облусу | 0.574 | 0.640 | 0,945 | 0,039 | 0,039 | 0,726 | 0,575 | 0,903 | 0,550 | 6 |
| 5 | Ош облусу | 0.602 | 0.468 | 0,996 | 0,076 | 0,076 | 0,609 | 0,665 | 0,485 | 0,497 | 7 |
| 6 | Талас облусу | 0.573 | 0.659 | 0,936 | 0,031 | 0,031 | 0,717 | 0,542 | 0,927 | 0,552 | 5 |
| 7 | Чүй облусу | 0.603 | 1.616 | 1,02 | 0,185 | 0,185 | 0,798 | 0,416 | 0,638 | 0,682 | 3 |
| 8 | Ыссык-Көл облусу | 0.534 | 1.724 | 0,947 | 0,153 | 0,153 | 1,033 | 0,934 | 0,976 | 0,787 | 2 |
| 9 | Бишкек шаары | 0.039 | 1.125 | 1,018 | 0,353 | 0,353 | 1,020 | 1,143 | 1,406 | 0,807 | 1 |
| 10 | Ош шаары | 0.012 | 0.571 | 0.996 | 0,04 | 0,04 | 0,609 | 0,591 | 0,848 | 0,463 | 9 |

* Маалымат булагы: автордун эсептөөсү, НСКнын жыйнактарынын негизинде.

Таблицасындагы анализ көрсөткөндөй Бишкек шаары региондордун ичинде инвестициялык потенциалы боюнча 1-рангда турарын анализ көрсөтүүдө, андан ары Ысык-Көл облусу 2, Чүй облусу 3, Жалал-Абад облусу 4 рангдарга туура келүүдө, эң аз потенциал Ош шаарына туура келүүдө.

Жалал-Абад облусунун инвестициялык потенциалын баалаган жыйынтыктарды пайдаланып автор региондун экономикасынын салыштырмалуу жагымдуу (приоритеттүү) тармактары төмөнкүлөр деп сунуш кылат:

- айыл чарбасы (анын ичинде айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү өнөр жайы),
- өнөр жайы (анын ичинде энергетикалык, тоо кендерин иштетүү, электротехникалык жана жеңил өнөр жайы),
- соода, тейлөөлөр төлөмү жана туризм.

Изилдөөнүн **3-бабы “Инвестициялык ресурстарды пайдаланууну жакшыртуунун жолдору”** деп аталат. Бул бапта жылуулук-энергетикалык комплексти өнүктүрүүнүн приоритеттүү багыттары; инвестициялык иш аракеттерди активдештирүүнүн шартында агроөнөржай өндүрүшүн жана туризмди жакшыртуунун жолдору; Кыргыз Республикасынын инвестициялык саясатынын негизги багыттарына ылайык Жалал-Абад облусунун өнүгүүсүнүн келечектери; жөнүндө изилдөөлөр камтылган.

Жалал-Абад облусу республикада жылуулук-энергетикалык ресурстарды өндүрүүчү эң чоң регион болуп эсептелинет. Улуттук статистика комитетинин маалыматына ылайык бул облуста жалпы республикадагы жылуулук-энергетикалык ресурстардын 50 % дан ашыгы жайгашкан. Жалпы жылуулуктун 45-47 % зы, ГЭСтерде өндүрүлгөн электроэнергиянын 98 % га чейинкиси ушул облуста өндүрүлөт. Жылуулук-энергетикалык комплекстин (мындан ары ЖЭК) курамы көмүр казып алуу, мунайзатты казып алып кайра иштетүү – мазут, бензин жана дизелдик жылуулук өндүрүү, жаратылыш газы, электр жана жылуулук энергияларын иштеп чыгуудан турат. Мунайдан алынган продукциялар, электрэнергиясы, өтө чоң көлөмдө республиканын башка аймактарына жөнөтүлөт, ал эми электрэнергиясынын белгилүү бир бөлүгү экспорттолот.

Жалал-Абад облусунун жылуулук-энергетикалык комплексинде төмөндөгүдөй кыйынчылыктарды (проблемалар) чечүү зарыл:

- жылуулук станцияларынын жабдуулары моралдык да физикалык жактан да эскирди, аларга пайдалануучу импорттук майлоочу майлардын баасы өтө жогору, көп учурда аларды койгон өлкөлөр ортосундагы келишимдер аткарылбай, өндүрүлгөн энергиянын өздүк наркы жогору болуп жатат, пайдаланууда 30-жылдан ашык турган, эскирген технологиялык жабдуулар өтө көп, айрым ишканаларда алардын износу 90-95% га жетип ашып кеткен.

Жогоруда келтирилген кемчиликтерди жоюу үчүн жана жылуулук-энергетикалык комплексинин нормалдуу иштешин камсыз кылуу үчүн бүгүнкү күндө да, келечекте да инвестиция тартуу керек болууда. Бул жерде КР өкмөтүнө негизги роль таандык, анткени жылуулук-энергетикалык комплекси өзүнүн стратегиялык ордуна ылайык мамлекеттик менчикте турат. Ошол эле мезгилде жылуулук-энергетикалык комплексинин финансылык-чарбалык иш аракеттеринин жыйынтыгы да төмөн, натыйжада аталган сектордун өзүн өзү финансылоого да каражаты жетпейт. Пайдаланылып жаткан мунай жана газ запастарынын табигый азайышы, заманбап техникалык жабдуулар, запастык бөлүктөр, станок качалкалар, трубалар, насостор менен жетиштүү камсыз болбогондук, мунайды көбөйтүп казууга инвесторлордун аз тартылышы жылуулук энергиясын азайтып, айрыкча кыш мезгилинде электрэнергиясын тез тез өчүрүлүшүнө алып келүүдө.

Жылуулук-энергетикалык комплексинин ийгиликтүү иштеши көбүнчө жылуулук отун ресурстарын казып алууну, жана электрэнергиясын иштеп чыгууну көбөйтүүдөн көз каранды. Ушул жогоруда айтылган проблемаларды чечүүнүн жолдорун туура так белгилесек облусубуздун өндүрүшүнүн бул тармагы башка тармактарды сүйрөп кете турган кластер болуп каларына шек жок.

Жылуулук-энергетикалык комплексинин балансында басымдуу үлүш таандык болгон электрэнергиясын, анын ичинде негизги приоритет катары эсептелген сууэлектрэнергиясын иштеп чыгууну көбөйтүү керек.

Электрэнергиясын иштеп чыгууну көбөйтүүнүн дагы бир жолу бул тармакты регионалдык деңгээлде башкарууну катыштыруу жана таасир этүү чаралары

менен айкалышышы керек. Көп учурда регионалдык бийлик энергетиканы башкаруудан четте калууда.

Электрэнергиясын иштеп чыгуунун көлөмү кВтч, бирдиги менен өлчөнөт жана төмөндө Республикада иштелип чыккан электрэнергиясынын Жалал-Абаддын үлүшүн бөлүү менен келтирилген абалын көрүүгө болот (табл. 2).

**Таблица 2 – Өндүрүлгөн электр энергиясынын көлөмү млн, кВтч.**

| Субьекттин аталышы | 2007-ж. | 2008-ж. | 2009-ж. | 2010-ж. | 2011-ж. |
|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасы боюнча | 14830,4 | 11789,1 | 11083,2 | 12062,9 | 15158,0 |
| Жалал-Абад облус боюнча | 13771,4 | 10516,2 | 9781,6 | 10923,4 | 13977,0 |
| Жалал-Абад обл. салыштырма салмагы % | 92,8 | 89,2 | 88,2 | 90,5 | 92,2 |

*УСКнын жыйнактары,”Промышленность КР за 2007-2011гг.”.”КР и регионы”

2-таблицада көрсөтүлгөндөй жалпы электрэнергиясын иштеп чыгуунун 92,2% Жалал-Абад областынын үлүшүнө туура келет. Белгилей кетүүчү нерсе, жылдын ар кайсы мезгилинде электрэнергиясын пайдалануу ар түрдүү деңгээлде жүргүзүлөт. Жай мезгилине салыштырмалуу кышында электрэнергиясын жоготуу 3,5 эсеге, түндө күнгө салыштырмалуу 2 эсеге көп болот. Республикада техникалык жоготуу 20-25 % ды түзсө бул көрсөткүч өнүккөн өлкөлөрдө 8 % дан ашык болбойт.

Электрэнергиясы түрдүү максаттарга пайдаланылат, бирок эң басымдуу бөлүгү өндүрүш үчүн колдонулууда. Келтирилген 3- таблицадан электрэнергиясын иштеп чыгуу жана пайдалануунун акыркы беш жылдагы балансын көрүүгө болот (табл.3).

**Таблица 3 – Кыргыз Республикасынын электробалансы (млн. кВт-саат).**

| | **2007** | **2008** | **2009** | **2010** | **2011** |
|---|---|---|---|---|---|
| Өндүрүлгөн элек. энергиясы | 14830,4 | 11789,1 | 11083,2 | 12062,9 | 15158,0 |
| Респ.сыртынан алынды[1] | 0,2 | 6,9[1] | - | 76,3[1] | 6,6 |
| Керектелген элек.энергиясы | 12451,3 | 11244,1 | 10049,4 | 10503,8 | 12370,4 |
| өнөр жайда | 4293,4 | 4106,0 | 3939,2 | 4152,1 | 4898,6 |
| айыл чарбада | 1841,8 | 1677,0 | 1734,0 | 1718,2 | 2138,8 |
| транспортто | 66,4 | 57,6 | 50,9 | 51,5 | 57,8 |
| курулушта | 66,2 | 55,1 | 43,9 | 39,3 | 65,5 |
| социалд. чөйрө мекем-де | 1601,5 | 1655,3 | 1531,2 | 1516,3 | 2135,2 |
| Жалпы жоготуулар | 4582,0 | 3693,0 | 2750,2 | 3026,4 | 3074,5 |
| Салыш, салмагы % | 30,9 | 31,1 | 24,8 | 25 | 20,3 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Респ.сыртына берилди | 2379,2 | 552,0 | 1033,8 | 1635,4 | 2794,2 |
| Сал.салмагы % | 16,0 | 4,6 | 9,2 | 13,5 | 18,4 |

* УСКнын жыйнактары "Промышленность КР за 2007-2011гг.."

[1] Айрым элдүү пункттар токту кошуна өлкөлөрдөн алат.

Таблицада көрсөтүлгөндөй электрэнергиясын көбүрөөк өнөр жай, айыл чарбасы, андан кийин социалдык тармак пайдаланат. Эң аз транспорт тармагы пайдалууда. Акыркы мезгилде адамдын жашоосунун бардык тармактарында электрэнергиясын пайдалануу, айрыкча керектөөлөрдүн үлүшү социалдык чөйрөдөгү мекемелерде, жана күндөлүк турмуш тиричиликтик керектөөлөрдө күн санап өсүүдө.

Жалал-Абад облусунда 1990-жылы статистикалык маалыматтар боюнча 1,0 млн. тоннага барабар көмүр өндүрүлсө, акыркы жылдары жылына 40-50 миң тонна көмүр өндүрүлүп, 25 эсеге чейин төмөндөп кеткен. Көмүр өндүрүүнүн азайып кетишинин негизги себептери төмөндөгүлөр:

Темир же автожол аркылуу керектөөчүлөргө ташып жеткирүүдөгү жол киренин өтө жогору экендиги жана анын күн санап өсүп жаткандыгына байланыштуу Борбордук Азия мамлекеттеринин энергетика базарында жана Республиканын түндүгүндө кыргыз көмүрүнө болгон суроо талап кыскарууда, атап айтканда бүгүн Таш- Көмүр же Көк-Жаңгактан Бишкек ТЭЦине бир тонна көмүрдү темир жол аркылуу жеткирүүнүн жол киреси 40-50 Америка долларына барабар болгон, бул албетте Казакстандан алып келгенге салыштырмалуу кыйлага кымбатка турат.

Мурунку шахтадагы жабдуулар эбак эле моралдык жана физикалык износ болуп бүткөн. Көмүр казып алуучу жаңы эч кандай жабдуу алып келинбеген, жаңы технологиялар колдонулбай жатат.

Айланма каражаттын аздыгы, коммерциялык банктардагы пайыздык үстөктүн жогору болушу, мамлекеттик колдоонун жоктугу, көмүр өнөр жайынын ишканаларынын модернизациялоого финансылык каражаттар табылбай, инвесторлор жокко эсе .

Жылуулукту колдонуунун финансылык абалы биздин оюбузча көмүрдү казып алууну арзандатуунун эсебинен болмокчу же бул тармакка мамлекеттик жардам көрсөтүлүүгө тийиш, көмүр пайдалануучулар менен көп жылдык шериктик келишимдерди түзүү, ошондой эле көмүрдү казып алуу жана ташууда инновациялык методдорду колдонуп, казып алуунун технологиясын модернизациялоо керек.

Жылуулук-энергетикалык комплексинин дагы бир ажырагыс бөлүгү болуп мунайды (нефтини) жана газды казып алуу болуп саналат. Республикада мунай менен газ негизинен Жалал-Абад облусунан аймагынан казылып алынат. Бирок бул тармактагы иштин абалы оор бойдон калып жатат, себеби мунайдын, газдын табигый запастары азайып бара жатат.

Мунай менен газды казып алууну көбөйтүүнүн бир жолу аларды казып алуучу скважиналардын санын көбөйтүү керек, ал скважиналарды алып келип

куруу үчүн чоң суммада инвестиция керектелет. Мунай менен газды казып алууну көбөйтүү маселесин биздин оюбузча комплекстүү чечүү керек, а.и. чет өлкөлөр менен өз ара ыңгайлуу, эл аралык, экономикалык келишимдерди түзүү маселеси чечүүчү орунду ээлейт.

Жалал-Абад облусу эң чоң айыл чарба региондорунун катарына кирет жана Республика боюнча айыл чарбадан өндүрүлгөн дүң продукциянын 18 % га жакынын өндүрөт. Облустун айыл чарбасында 2012-жылдын 1-январына карата 30 мамлекеттик, 124 коллективдүү, 86408 фермердик чарбалар эмгектенет.

Айыл чарбасы а.и. талаачылык жер ресурстарын пайдаланууга негизделгендигине байланыштуу, айыл чарбасындагы иш аракеттердин масштабы көп учурда чарбалык иштетүүгө тартылган айдоо аянтынын көлөмүнө жараша болот. Айыл чарбасындагы реформадан кийин айдоо аянттарын жеке менчикке бөлгөндө, облуста азыркы мезгилде бир дыйкан чарбасына 1,5 гадан айдоо аянты туура келген. Бул аянт товардык продукция өндүрүп аны сатууга өтө эле аздык кылат. Ушундай шартта дыйкан жана фермер чарбалардын кирешелүүлүгү төмөн болуп, айрым учурларда чыгашалар жабылбай калууда.

Агрардык сектордун ишин мындан ары жакшыртуу комплекстүү иш чараларды жүргүзүү менен байланышкан, буга, айыл чарбасындагы рыноктук механизмди мындан ары да жакшыртуудан тартып, өндүрүлгөн продукцияны сатууга чейинки иш аракеттерди кошууга болот. Тактап айтканда жердин экинчи рыногун түзүү жана өнүктүрүү, товар өндүрүүчүлөрдүн натыйжалуу иштей турган структурасын түзүү керек. Агрардык сектордогу иш аракеттерди жакшыртуунун негизги жолдорунун бири айдоо аянттарынын асылдуулугун жогорулатуу, айланма каражатка ишке тартылбай турган резервдерди тартуу, талаачылыктын жаңы технологиясын жана өндүрүштү уюштуруунун инновациялык методдорун колдонуу болуп эсептелинет. Республикабыз айыл чарбасынын материалдык-техникалык базасын чыңдоого, жогорку өндүрүмдүүлүктү камсыз кылуу үчүн айыл кадрларын окутуу жана билимин жогорулатууга, маркетингдик иш-чараларды үйрөнүү жана өткөрүүгө муктаж.

Биздин көз карашыбызча тартылган инвестициянын чоң бир бөлүгү айыл чарбасынан алынган сырьёну кайра иштетүүгө багытталган өнөр жайды колдоого багытталышы керек. Өндүрүштүн бул тармагы азыркы мезгилде өнүкпөй калгандыгы менен мүнөздөлөт. Жалал-Абад облусунда өндүрүлгөн айыл чарба продукцияларынын эң аз бөлүгү гана кайра иштетүүгө тартылган бул өз убагында жалпы айыл чарба өндүрүшүн артка тартат. Кайра иштетүү өнөр жайынын продукциясына болгон суроо талаптарга, кайра иштетүүнүн үлүшүн көтөрүү аркылуу гана жетүүгө болот.

Тилекке каршы, Жалал-Абад облусунда акыркы он эки жылдан бери кайра иштетүү өнөр жайынын продукциясынын көлөмүнүн өсүшү (айрым продукциялардан башкасы) байкалбайт (табл.4).

**Таблица 4 – Жалал-Абад облусунун кайра иштетүү өнөр жайынын негизги продукцияларын өндүрүү (натуралдык ченемде)**

| Жылдар | 1999ж | 2011ж. | 2012ж. | 1999ж. 2012ж.% менен |
|---|---|---|---|---|
| Пахта буласы,мин тонна | 16,2 | 12,2 | 11,9 | 73,4 |
| Тамеки,мин тонна | 10,0 | 0 | 0 | 0 |
| Вино, мин дал | 32,0 | 9,5 | 7,7 | 24,0 |
| Арак жана ликер азыктары мин дал | 128,0 | 100.0 | 32.5 | 25 |
| Эт, эт азыктары тонна | 198,0 | 12.5 | 69.9 | 35,3 |
| Нак сүттөн продукциялар, тонна | 493,0 | 58,1 | 41.1 | 8,3 |
| Момо жемиш консервалоо,тонна | 966,0 | 22,6 | 20.7 | 2,1 |
| Кондитердик азыктар,тонна | 1210,0 | 344.0 | 354.1 | 29,2 |
| Нан жана нан продукциялары, миң тонна | 8,4 | 7.5 | 8.0 | 95,2 |
| Ун жана крупаны иштетуу,миң тонна | 26,2 | 72.6 | 78.3 | 298,8 |
| Өсумдук майы,тонна | 2858,0 | 10732.1 | 11229.6 | 392,9 |
| Макарон азыктары,тонна | 174,3 | 4.6 | 128,5 | 73,7 |
| Минералдык суу, миң п/л | 3632,5 | 4050,7 | 4081,6 | 112,4 |
| Алкоголдук эмес ичимдиктер, миң п/л | 6,3 | 729 | 575,4 | 913,3 |

* Маалымат булактары: стат.жыйнактары “ КР и регионы”

Айыл чарбасы менен кайра иштетүү өндүрүшүн керектүү деңгээлде интеграция кылуу жана кайра иштетүү өнөр жайын натыйжалуу иштетүү үчүн төмөндөгүлөрдү аткаруу туура болот:

- тармакка инвестицияны активдүү тартуу;
- ишканалардын финансылык абалын жандандырууга таасир этүү;
- бүткөн технологиялык цикли бар (айыл чарба сырьёсун сатып алгандан даяр продукция чыгарганга чейин) өндүрүштүн интегралдык (бир нече майдалардын суммасы) системасын киргизүү;
- ишканаларды сырьё менен өз убагында сапаттуу камсыз кылуу, ошол эле убакта ар бир ишкананын менчик сырьёлук базасын түзгөнгө жардамдашуу;
- айыл чарба продукцияларын өндүрүүчүлөр менен кайра иштетүүчүлөрдүн ортосундагы айыл чарба продукцияларын коюу боюнча келишпестиктерди жоюу;
- Айыл чарбасы менен өнөр жайдын интеграциясынын натыйжалуу методдорунун бири катары айыл жерлеринде айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү кичи-цехтерди ачуу, өндүрүлгөн түшүмдү рационалдуу пайдаланууга көмөк көрсөтөт.

Агроөнөржай өндүрүшүн өнүгүшүнө- рынокту изилдөө, суроо талапты жана продукцияны сатууну окуп үйрөнүү боюнча маркетингдик иш чараларды

жүргүзүү да, белгилүү бир деңгээлде жардам бере алат. Бул жерде сөз өндүрүш менен керектөөнүн ортосунда багытталган бир калыптагы байланышты орнотуу жөнүндө кетип жатат, бөлүп айтканда, айыл чарба продукциясын өндүрүүдөн баштап, аларды кайра иштетүү, рыноктун каналдары менен продукцияны сатууга чейин жылдыруу жөнүндө же, продукцияны өндүрүү сферасы менен жекече керектөөнү айкалыштыра баруу керек.

Инвестициялык иш аракеттер деген бул бөлүп айтканда инвестицияны тартуу процесси жана аны пайдалана билүү. Региондогу инвестициялык иш аракеттер, өлкөдө жүрүп жаткан инвестициялык саясат менен тыгыз байланышта турат бул түшүнүктүү, анткени, регион дегенде республиканын аймагынын бир бөлүгүн түшүнөбүз.

Биздин изилдөөлөр көрсөткөндөй, Республикадагы инвестициялык саясат – экономикалык сектордогу өнүгүү приоритеттерин аныктоого жеткиликтүү бурулган эмес.

Биздин түшүнүгүбүз боюнча, административдик-территориялык бирдиктер боюнча инвестициялык саясат жүргүзүү деген, ошол региондордо, бүтүндөй өлкөнү кошо ар биринде инвестициялык жагымдуулукту түзүү дегенди билдирет.

Бул боюнча Жалал-Абад облусунда жүргүзүлүп жаткан инвестициялык саясатка келсек, ал облуста боло турган инвестициялык иш аракеттердин приоритеттерин белгилөө, биринчи кезекте жылуулук-энергетикалык комплексте, агроөнөржай өндүрүшүндө, туризм багытында жана калган реалдуу сектордо инвестиция тартуу менен иш жүргүзүлөт. Ушуну менен бирге ар бир региондун тигил же бул иш аракеттеринде атаандашууга жөндөмдүүлүк бар экендигин аныктоо керек анткени ал канча инвестициялык ресурстар керек экендигин жана инвестициялык потенциалдын көлөмүн тактоого мүмкүнчүлүк берет.

Шарттуу түрдө инвестициялык саясаттын негизги багыттарынын бири инвестицияларды натыйжалуу пайдалануу, анын негизинде кыйла экономикалык пайда алуу болуп саналат. Ушуга байланыштуу инвестициянын натыйжалуулугун аныктоо, сабатуу, негизделген инвестициялык проекттерди даярдап, керектүү жерге өткөрө ала турган адистердин да сапатын көтөрүү керек.

Азыркы күндө региондор бюджеттик каржылоолор боюнча да, ошондой эле региондордун социалдык-экономикалык потенциалдарына реалдуу өндүрүштүк кубаттуулуктарды тартуу боюнча да мамлекеттик колдоого муктаж болуп турат. Инвестиция боюнча пландарды түзүүдө негизги көңүлдү тигил же бул себептер менен өзүнүн инвестициялык иш- аракеттерин активдештире албай калган, региондордогу инвестициялык проекттерди бөлүп кароого, тандап алууга буруу керек. Инвестициялык иш аракеттерди жакшыртуунун бир чарасы-бул региондордун инвестициялык потенциалын аныктоо боюнча эксперименттик жана расчёттук процедураларды өкмөттүк масштабда өткөрүп туруу. Бул болсо өз убагында потенциалдарды салыштырып турууга жана инвестицияны натыйжалуу пайдалануунун багыттарын аныктаганга көмөк көрсөтөт.

## КОРУТУНДУЛАР ЖАНА СУНУШТАР

Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында төмөндөгү корутундуларды жана сунуштарды келтирүүгө болот:

1. Регион деп башкалардан мурунтан келе жаткан табигый жана тарыхый биримдиги, калыптанган экономикалык-географиялык өзгөчөлүгү (климаты, жайгашкан орду) ошого жараша көп учурда калкынын тиричилик кылууда өзгөчөлүгү менен айырмалаган – аймак, өлкөнүн бир бөлүгүн, облусту айтууга болот. Изилдөөлөр көрсөткөндөй инвестициялык потенциалды региондун өзгөчөлүгү катары кароого болот, анткени ал өз мезгилинде региондун социалдык-экономикалык өнүгүшү үчүн өндүрүштүк, алмашуу, сатуу ж.б. процесстерди ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берет.

Тартылган инвестициянын көлөмүнөн жана аны пайдалануудан регионалдык өнүгүүнүн негизги багыттарын аныктоого, региондун койгон максатына жетүүнү камсыз кыла ала турган, инвестициялык иш аракеттердин приоритеттерин белгилеп алууга болот. Рыноктун шартында аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсү жана инвестициялык иш аракеттердин байланышы рыноктук механизмдер аркылуу жүргүзүлөт.

2. Инвестициялык потенциал деген бул өзүнө инвестициялык ресурстардын суммасы, инвестициялык климат, инвестициялык активдүүлүк, инвестициялык жагымдуулук, ж.б. кубулуштарды бириктирген сыйымдуу түшүнүк, ал региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн иш аракетке келиши мүмкүн. Ушул жерден инвестициялык потенциалдын маани-маңызын ар кандай көрсөткүчтөр менен мүнөздөөгө болот алар: көлөмү, салуу сферасы, инвестициялык иш аракеттердин орду жана убактысы, жагымдуулуктун даражасы, инвестиция салган чөйрөсүнүн өзгөчөлүгү деп аталат. Инвестициялык потенциал өздөрүнө гана таандык параметрлери жана касиеттери бар аймактык, тармактык, жергиликтүү, өндүрүштүк, социалдык ж.б деген түрлөргө бөлүнөт.

Бул изилдөөлөрдө экономикалык иш аракеттерге инвестиция тартуунун натыйжасын баалоо үчүн, инвестициялык жана экономикалык потенциалдарды салыштырууга аракет жасалган.

3. Автор тарабынан аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн атаандашууга жөндөмдүүлүгүнө инвестициялык потенциалдын тийгизген таасири, теориялык анализ жасоо аркылуу аныкталган. Ошону менен бирге эле автор, инвестициялык потенциал бул тездик менен алмашуучу кубулуш экендигин, аны инновациялык методдор жана өндүрүштү, сооданы, туризмди ж.б иш аракеттерди уюштуруудагы ыкмаларды сөзсүз колдонуу менен турмушка ашырууга боло тургандыгына токтолот.

4. Инвестицияны тартуу жана пайдалануу процессин анализ кылуу бир катар резервдерди таап чыкты. Бул жерде автор тарабынан толукталып иштелип чыккан интегралдык (индекстер) коэффициент методу колдонулган. Бул методдун маани-маңызы инвестициялык потенциал салыштырмалуу өз алдынча

мааниге ээ болгон, белгилүү бир параметрлери менен мүнөздөлгөн бир нече компоненттерден (ресурстук-сырьёлук, эмгектик, өндүрүштүк финансылык ж.б) тура турган, компоненттердин интегралдашкан, өз ара байланышкан абалы экендигин, ошондой эле региондун инвестицияга болгон керектөөсүн жана өнүгүү даражасын аныктай ала турган түшүнүк – инвестициялык потенциал болорун белгилегенинде турат.

Жалал-Абад облусу инвестициялык ресурстарды пайдалануу даражасы жана тереңдиги боюнча республикада 4-орунду ээлейт. Ошого карабастан экономиканын реалдуу секторундагы материалдык-техникалык база айрыкча жылуулук-энергетикалык комплексиндеги, өнөр жайдагы, социалдык сферада ж.б тармактарда абал моралдык жана физикалык изностун эсебинен азыркы мезгилдин талабына жооп бербей тургандыгын изилдөө көрсөттү.

Ошондой эле облустун географиялык жайланышы жүктөрдү жана жүргүнчүлөрдү ташууда башка региондорго салыштырмалуу көп каражат сарптоого алып келет, бул өз кезегинде жалпы өнүгүүгө терс таасирин тийгизет. Ошондуктан инвестициялык ресурстарга болгон керектөөнү негиздөөдө ар түрдүү факторлорду бардык тарабынан эсепке алуу талап кылынат.

5. Жалал-Абад облусунда жалпы республикадагы жылуулук –энергетикалык ресурстардын 50 % дан ашыгы жайгашкандыгы тактап айтканда, жалпы жылуулуктун 45-47 % зы, ГЭСтерде өндүрүлгөн электроэнергиянын 98 % га чейинкисинин өндүрүлүшү, жылуулук энергетикалык өндүрүшү регион үчүн гана эмес жалпы КР экономикасынын приоритети болуп саналат. Андыктан облус, республика үчүн да жылуулук-энергетикалык комплексинин өнүгүүсүнүн негизги приоритети болуп гидроэлектростанцияларынын ишин үзгүлтүксүз иштешин камсыз кылуу болуп саналат,бул болсо кыш мезгилинде электрэнергиясын тез тез өчүрүүнү жокко чыгарат. Ал эми жылуулук–энергетикалык комплексинин курамындагы жаратылыш газы, көмүр казып алуу үчүн, буларды казып чыгарган тармактардагы ишканалардын финансалык иш аракетин, анын натыйжасын жакшыртуу приоритет болуп саналат. Анткени алардын дотацияда турушун жоюу, өзүн өзү каржылоого өтүшүн камсыздоо керек.

6. Агроөнөржай өндүрүшүнө жана туризмге инвестиция тартууда белгилүү бир кыйынчылыктарга туш болгону аныкталган. Анын баары агроөнөржай комплексинин натыйжалуулугунун төмөн экендиги, айыл чарбасында чарба жүргүзүүнүн заманбап формаларын колдонуунун артта калгандыгы менен түшүндүрүүгө болот. Өнөр жайынын өнүкпөгөн материалдык-техникалык базасы, туризмдин сервиси төмөн деңгээли менен бул тармактарга инвестициялык жагымдуулукту түзүү азырынча өздөрүнүн колунан келбейт, бул жерде баарынан мурун мамлекеттик колдоо талап кылынат. Башкача айтканда мамлекет тарабынан бюджеттик каржылоонун эсебинен айдоо аянттарынын асылдуулугун көтөрүү, деградация болгон аянттарды калыбына келтирүүнү жана туура эмес жүргүзүлгөн жер жана агрардык реформалардын катасын оңдоп аягына чыгаруу маселеси турат.

Кайра иштетүүчү ишканалардын негизги фонддорун жаңыртуу, башкаруунун инновациялык методдорун пайдалануу, ошондой эле кайра иштетилген продукцияларга маркетингдик изилдөөлөрдү жүргүзүү маселеси да унутта калтырылбай турган милдеттерге кирет. Бирок мындай милдеттер жалаң инвестициянын жардамы менен гана чечилет. Ошол эле мезгилде айрым өндүрүш түрлөрүн, тармактарын жана бүтүндөй регионду атаандашууга жөндөмдүү кыла турган, реалдуу кырдаалга жакындаштырылган, негизделген инвестициялык проекттерди иштеп чыгуу андан кем эмес милдеттердин бири болуп саналат. Жогоруда айтылгандарга окшош иш чараларды туристтик багытта да жүргүзүү керек, анткени инвестиция тартуу потенциалы бул тармакта да өтө жогору.

7. Региондун инвестициялык саясаты жалпы региондук саясаттан келип чыгат, анткени регион мамлекеттин бир бөлүгү болуп эсептелинет. Ал эми Жалал-Абад облусунда негизги көңүлдү башкаларга салыштырмалуу экономикалык жактан натыйжалуу боло ала турган, өндүрүштүн жана иш аракеттердин түрүн өнүктүрүүгө бурушубуз керек. Облуста салыштырмалуу алгылыктуулук, жылуулук-энергетикалык комплексинен, агроөнөржай өндүрүшүнөн башка, транспортту өнүктүрүүчү инфраструктурада, социалдык жактан өнүктүрүүчү коммуникацияда бар экендигин изилдөөлөр көрсөтүп турат.

## ТЕМА БОЮНЧА ЖАРЫК КӨРГӨН ЭМГЕКТЕР:


1. Садыралиев Ж. Жалал-Абад облусунун ресурстарын натыйжалуу пайдалануу// Жалал-Абад мамлекеттик университетинин жарчысы,- 2011.-№ 1-2.- С. 174-179

2. Садыралиев Ж. Кыргызстандын шартындагы инновациялык экономика// Жалал-Абад мамлекеттик университетинин жарчысы, -2012.-№ 1.- С.53-55

3. Садыралиев Ж., Карбекова А.Б. Совершенствование методики анализа соцально-экономического роста региона и её использовании в определении инвестиционного потенциала региона.//Альпари,-2012.№ 4 – С.108-113

4. Садыралиев Ж., Кенжекулов И. Рыноктук экономиканын шарттарында өлкөбүздүн азык-түлүк коопсуздугун чыңдоонун мүмкүнчүлүктөрү// Журнал “Экономика и образование” – 2013.-№ 7. –С. 127-131

5. Садыралиев Ж., Жолболдуева Д. Экономикалык мамилелердин өнүгүшүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү жана структурасы. Экономикалык мамилелердеги материалдык эмес өндурүштүн катышы.// Журнал “Экономика и образование”, – 2013.- №7.- С.131-135.6.

6. Садыралиев Ж. Жалал-Абад облусунда туризмди өнүктүрүүнүн келечектери жөнүндө [Текст] / Ж.Садыралиев, Карбекова А.Б // Известия ВУЗов. -2013. – № 3. – С. 93-96.

7. Садыралиев Ж. Жалал-Абад облусунда агрардык секторду реформалоонун жыйынтыктары,кайра иштетүү өнөр жай тармагын жандандыруунун проблемалары [Текст] / Ж.Садыралиев //Наука и инновация. – 2013. – № 3. – С 112-115.

**Садыралиев Жандаралынын «Региондун инвестициялык потенциалын баалоону өркүндөтүү жана аны пайдаланууну жакшыртуунун жолдору (КР Жалал-Абад облусунун мисалынын негизинде)» деген темадагы 08.00.05-Экономика жана эл чарбасын башкаруу адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин**

## РЕЗЮМЕСИ


**Ачкыч сөздөр:** регион, инвестициялык көрсөткүч, инвестициялык климат, инвестициялык коммерциялык эмес тобокелчилик, инвестициялык иш чаранын институциалдык чөйрөсү.

**Изилдөөнүн предмети** болуп инвестициялык потенциалды түзүү жана пайдалануу процессинен келип чыккан экономикалык мамилелер эсептелет.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп кыйла деңгээлде инвестициялык салымдарды талап кылган Жалал-Абад облусунун экономикасы эсептелет.

**Изилдөөнүн максаты:** бул региондордун социалдык-экономикалык ресурстарынын өнүгүшү, алардын инвестициялык потенциалга тийгизген таасири жана аны натыйжалуу пайдаланууусун жаңы методологиялык жолдор менен изилдөө жана алардын мазмунуна жаңыча баа берүү болуп саналат.

**Изилдөөнүн ыкмасы:** Диссертациялык иште изилдөөнүн экономикалык, статистикалык, аналитикалык, салыштырма жана системалык талдоолор, монографиялык ыкмалары колдонулду.

**Алынган жыйынтыктар жана изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** Кыргызстандын шартында «регион» деген түшүнүктүн маанисин, административдик аймактык бирдик болгон облустун маанисине теңегендигинде турат, региондун инвестициялык потенциалын тереңирээк анализдөө үчүн статистикалык көрсөткүчтөрдүн курамы такталды. Инвестициялык потенциалды баалаган методикага тактоо киргизе алган. Инвестициялык ресурстарды колдонуу аркылуу региондун жылуулук-энергетикалык секторун өнүктүрүүнүн негизги жолдору сунуш кылынган; инвестициялык ресурстарды тартуу жана аларды рационалдуу пайдалануу менен агроөнөржай өндүрүшүн жана туризмди өнүктүрүүнүн жолдору сунуш кылынган; өлкөнүн келечектеги инвестициялык саясатынын алкагында региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги жолдору белгиленген;

**Колдонуу чөйрөсү: И**нвестициялык потенциалды аныктоого орду бар көрсөткүчтөрдүн курамы такталып чыгылды, аларды республикалык, облустук статистикада колдонсо болот. Жалал-Абад облусунун стратегиялык өнүгүү программасын түзгөнгө, инвестициялык ресурстарды пайдалануу менен өлкөнүн жылуулук-энергетикалык комплексин өнүктүрүүнүн негизги багыттарын иштеп чыкканга сунуш кылганында турат.

# РЕЗЮМЕ

**диссертационной работы Садыралиева Жандаралы на тему «Совершенствование оценки и пути улучшения использования инвестиционного потенциала региона (на примере Жалал-Абадской области КР)», представленной на соискание ученой степени кандидата экономических наук по специальности 08.00.05 - экономика и управление народным хозяйством.**

**Ключевые слова**: регион, инвестиционный потенциал, инвестиционный климат, некоммерческий инвестиционный риск, институциональная среда инвестиционных мероприятий.

**Объектом исследования** является современное состояние экономики Жалал-Абадской области, которая в значительной мере требует инвестиционных вложений.

**Предметом исследования** являются экономические отношения, процессы формирования и использования инвестиционного потенциала региона.

**Цель диссертационного исследования** заключается в разработке научно-методических основ решения формирования и эффективного использования инвестиционного потенциала региона на основе изучения социально-экономических, природно-климатических, трудовых и других ресурсов области.

**Научная новизна диссертационного исследования** заключается в следующем: проведено комплексное исследование социально-экономического развития региона, с целью привлечения инвестиционных ресурсов, выявлены особенности формирования спроса на них; уточнена сущность эволюции и виды инвестиционного потенциала применительно к региону и страны в целом;исследована методика оценки спроса на инвестиционные ресурсы для обеспечения социально-экономического роста региона; предложены основные векторы развития топливно-энергетического комплекса региона на базе инвестиционных ресурсов; выработаны пути развития агропромышленного производства и туризма в следствии привлечения и рационального использования инвестиционных ресурсов; разработаны основные пути социально-экономического развития региона в контексте перспективной инвестиционной политики страны;

**Область применения:** Научные положения, сформулированные в процессе исследования, могут быть использованы в разработке программы социально-экономического развития региона. Основные результаты исследования связаны с реальной практикой работы органов местного самоуправления а также с производственными и топливно-энергетическими структурами области. Предложены эффективные пути развития экономики Жалал-Абадской области и внесены практические предложения по ее улучшению.

## REZUME

**of dissertation paper of Sadyralieva Zhandaraly on "Improving the assessment and ways to improve the use of the investment potential of the region ( for example, the Jalal- Abad region of the Kyrgyz Republic), " presented for the degree of candidate of economic sciences, specialty 08.00.05 - economics and management of the national economy.**

**Keywords:** region, the investment rate, investment climate, non-profit investment risk, the institutional environment of investment activities.

**The subject of the study:** made the theoretical aspect of assessment of the investment potential in the process of overproduction of resources in the region.

**The object of study:** the investment potential of the regions of the Kyrgyz Republic.

**Objectives of the study:** the formation and development of social and economic resources of the region in a market economy , the study of their impact on the investment potential and the effective use of drawing on new methodologies, assessment of their value in new ways.

**Research methods**: economic- statistical, analytical, comparative, monographic methods, and systematic method of analysis are used in the thesis.

**Results and novelty:** clarified that in Kyrgyzstan , the term "region" is meant to equate the values of the administrative-territorial units to the area , which is an independent unit , leading to effective management in a market economy proved, that such factors as investment potential , investment climate, a non-profit investment risk , the institutional environment , the investment activities in the complex are the investment attractiveness of the region and made clarifications to its assessment methodology , defined investment potential indicators of Jalal- Abad and its regions according to the formula of the integral index , estimation of the state conducted the progress of economic reform in the Jalal- Abad region ; amended to specify ways to improve regional policy in Kyrgyzstan .

**Applications**: for determination of the socio - economic and investment potential of the resource has been used only reliable indicators that have been through statistics or through other sources ( inaccurate data not included). Through these indicators is shown the feasibility of determining the investment attractiveness of the region. Suggested effective ways of economic development, Jalal- Abad and made practical suggestions.

Басууга берилди 10.09.2015 ж. Кол коюлду 21.09.2015 ж. Форматы 60/84 1/16.
Көлөмү 1,5 шарттуу басма табак. Нускасы 100 даана. Буйрутма № 21\09\15

Жалал-Абад шаарындагы басмаканада басылды,
715607, Токтогул к. 20-3.